## *ЭКСПЕРТТИК КОРУТУНДУ*

**Джумалиев Данияр Сардарбековичтин 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук; 12.00.10 – эл аралык укук, европа укугу адистиктери боюнча юридикалык илимдеринин доктору илимий даражага изденүүгө көрсөтүлгөн «Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара аракеттенүүсү: конституциялык жана эл аралык укуктук аспектер» темадагы диссертациясына. Д.12.16.539 Диссертациялык кеңешинин Эксперттик комиссиясынын мүчөсү, юридикалык илимдеринин доктору, доцент С.М. Муратбекованын изденүүчү Джумалиев Данияр Сардарбековичтин доктордук диссертациясын карап чыгып төмөнкүлөрдү билдирет:**

1. *Эмгектин адистикке ылайыктуулугу.* Джумалиев Данияр Сардарбековичтин «Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара аракеттенүүсү: конституциялык жана эл аралык укуктук аспектер» темадагы коргоого көрсөтүлгөн доктордук диссертациясы Юридикалык илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражаны берүү боюнча Кыргыз Республикасына караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын жана милиция генерал-майору Э.А. Алиев атындагы ИИМ Академиясынын Д.12.16.539 диссертациялык кеңешинин профилине ылайык келет жана **12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук; 12.00.10 – эл аралык укук, европа укугу адистиктери** боюнча паспортко толугу менен жооп берет.

2. *Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.*

Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын өз ара аракеттенүүсүнүн түрдүү формаларынын калыптанышы жана иштеши кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшүнүн татаал тарыхый баскычы менен дал келет. Кыргыз Республикасында бийликтердин өз ара аракеттенүү көйгөйүнүн маңызы илимий-теоретикалык жактан тажрыйбада белгилүү болгон бардык формалардын анализине такалат. Ошондуктан, бийликтердин өз ара аракеттенүүсүнүн саясий маңызы – бул укуктук, социалдык жана демократиялык мамлекетте болгон бийликтин синтезинин технологиясы жана анын башкаруусу бийликтин бөлүнүшү принцибинде ишке ашырылат.

Теоретикалык жактан кандай гана маселе болбосун, баардыгынан мурда, ал карама-каршылыкка жаткан маселе болот, анткени анда коомдун билим таануучулукка болгон жигердүүлүгү жана реалдуулуктун объективдүү диалектикасы бириктирилет.

Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара мамилелерин укуктук жөнгө салуусу менен байланышкан маселелердин

изилдөөсү, бир жагынан, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары жана башка жагынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы мамилелерди шайкештөө үчүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун накта калыптанышы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз иш-аракетине жоопкерчилик принцибин иш жүзөгө ашыруу үчүн маанилүү илимий көйгөй болуп саналат.

Ушуга байланыштуу автордун **«Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара аракеттенүүсү: конституциялык жана эл аралык укуктук аспектер»** деген темадагы диссертациялык изилдөөсү актуалдуу деп толугу менен ырастаса болот.

### *3. Илимий натыйжалар*

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эки ача мүнөзүн тааныган жана муниципалдык бийликтин жаратылышында мамлекеттик жана ошондой эле коомдук белгилерин көрсөткөн жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата болгон дуалисттик көз караш негизделет.
2. «Мамлекеттик бийлик» жана «жергиликтүү өз алдынча башкаруу» категорияларына карата болгон көз караштардын көптүгү жана аныктамалардын көп түрдүүлүгү ушул категориялардын жана алардын өз ара аракеттенүүсүн толук жана ар тараптан болгон анализине көмөктөшүүсү негизделет.
3. Мамлекеттик бийлик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча органдардын өз ара аракеттенүүсүнүн конституциялык жана эл аралык-укуктук принциптеринин классификациясы сунушталат.
4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын иш-аракетинин маселелерин эффективдүү чечилишине тоскоолдук кылган укуктук жана уюштуруучулук маселе катары мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын ортосундагы ыйгарым укуктардын, ресурстардын, жоопкерчиликтин укуктук ажыратылышынын жоктугу негизделинген.
5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында эл аралык укуктун ченемдерин ишке ашырууга көмөктөшпөгөн ченемдер бар экендиги негизделет.
6. Ченемдик-укуктук актылардын анализинин негизинде мамлекеттик бийлик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча органдардын өз ара аракеттенүүсүнүн конституциялык жана эл аралык-укуктук принциптердин классификациясы сунушталат.
7. Мамлекеттик бийлик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын ортосундагы жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ыйгарым укуктарын чектөө маселесинде аныкталган эместик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын иш аракетинин так болгон стандарттардын жоктугу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көптөгөн уюштуруучулук жана финансылык көйгөйлөрдүн себеби экендиги негизделенет.

8. Мамлекеттик бийлик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын уюштуруусун жана иш аракетин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдери алардын компетенцияларына тиешелүү болгон маселелерди чечүүдөгү өз ара аракеттенүүсүнө тийгизген терс таасири негизделинет.

9. Жергиликтүү бюджеттердин өз алдынчалыгын камсыз кылуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өзүнүн кирешелерин жана чыгымдарын пландаштырууда мүмкүнчүлөктөрүн кеңейтүүсүн, жергиликтүү бюджеттерди финансылык ресурстардын негизделбеген азайтуусунан сактоосун камсыз кыла турган жергиликтүү бюджеттердин кирешелерде өзүлөрүнүн кирешелеринин конкреттүү тизмегин жана өлчөмүн мыйзам тараптан белгилөөсү маанилүү экендиги негизделинет.

10. Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын өз ара аракеттенүүсүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу боюнча максатка багытталган чаралардын комплексин жүргүзүү керектиги сунушталат. Көптөгөн укуктук ченемдер бир бирине карама-каршы болгонуна себептүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын жана мамлекеттик бийлик органдардын иш аракетин жөнгө салуучу мыйзам чыгаруу актыларына өзгөрүүлөрдү киргизүүнүн жөнү бар экендиги негизделинет.

4. ***Диссертацияда айтылган ар бир натыйжанын (илимий жобонун), талапкердин корутундуларынын жана тыянактарынын негизделүү даражасы***

**1-натыйжа.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эки ача мүнөзүн тааныган жана муниципалдык бийликтин жаратылышында мамлекеттик жана ошондой эле коомдук белгилерин көрсөткөн жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата болгон дуалисттик көз караш юридикалык илиминдеги теоретикалык материалдар менен негизделет.

**2-натыйжа.** «Мамлекеттик бийлик» жана «жергиликтүү өз алдынча башкаруу» категорияларына карата болгон көз караштардын көптүгү жана аныктамалардын көп түрдүүлүгү ушул категориялардын жана алардын өз ара аракеттенүүсүн толук жана ар тараптан болгон анализине түрткү берери тууралуу жыйынтык ушул чөйрөдө изилдөө жүргүзгөн авторлордун көз караштары, ой-пикирлери менен ырасталат.

**3-натыйжа.** Аталган натыйжа негизделген, анткени мамлекетттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүн жөнгө салуучу ченем-укуктук базасын изилдөөсү негизделинет.

**4-натыйжа.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын иш-аракетинин маселелерин эффективдүү чечилишине тоскоолдук кылган укуктук жана уюштуруучулук маселе катары мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын ортосундагы ыйгарым укуктардын, ресурстардын, жоопкерчиликтин укуктук ажыратылышынын жоктугу

негизделиши тийиштүү мыйзамдардын ченемдерин анализдөө менен ырасталат.

**5-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарын анализдөө менен ошол мыйзамдарда эл аралык укуктун ченемдерин ишке ашыруусуна тоскоол болгон ченемдер бар экендиги негизделет.

**6-натыйжа.** Эл аралык тажрыйбанын, ошондой эле укук колдонуу практиканын анализи менен негизделген.

**7-натыйжа.** Негизделген жана аныкталган, анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык өз алдынчалыгынын камсыз кылуу жагында укуктук ченемдерди изилдөөсү менен ырасталат.

**8-натыйжа.** Мамлекеттик бийлик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын уюштуруусун жана иш аракетин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдери алардын компетенцияларына тиешелүү болгон маселелерди чечүүдөгү өз ара аракеттенүүсүнө тийгизген терс таасири негизделинет.

**9-натыйжа.** Негизделген жана аныкталган, анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык өз алдынчалыгынын камсыз кылуу жагында укуктук ченемдерди изилдөөгө негизделген.

**10-натыйжа.** Негизделген жана аныкталган, анткени укук колдонуу ишмердүүлүгүнүн анализине негизделет.

**5. Ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), тыянактардын жана изденүүчүнүн диссертацияда көрсөтүлгөн корутундусунун жаңылчылык даражасы**

**1-натыйжа.** Жарым-жартылай жаңы болуп эсептелинет. Анткени муниципалдык бийликтин жаратылышында мамлекеттик жана ошондой эле коомдук белгилерин көрсөткөн жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата болгон дуалисттик көз караштар башка авторлордун изилдөөлөрүндө каралган.

**2-натыйжа.** Жарым-жартылай жаңы. «Мамлекеттик бийлик» жана «жергиликтүү өз алдынча башкаруу» категорияларына карата болгон көз караштардын башка илимий изилдөөлөрдө да каралган.

**3-натыйжа.** Жаңы, анткени мамлекетттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүн жөнгө салуучу ченем-укуктук базасын изилдөөсү ырасталат.

**4-натыйжа.** Жаңы, анткени тийиштүү мыйзамдардын ченемдерин анализдөө менен ырасталат.

**5-натыйжа.** Жаңы, анткени Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарын анализдөө менен негизделет.

**6-натыйжа.** Жаңы, эл аралык тажрыйбанын, ошондой эле укук колдонуу практиканын анализи менен ырасталат.

**7-натыйжа.** Жаңы, анткени укуктук ченемдердин изилдөөсү менен негизделинет.

**8-натыйжа.** Жаңы, себеби мамлекеттик бийлик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын уюштуруусун жана иш

аракетин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдердин анализдөөсү менен ырасталат.

**9-натыйжа.** Жарым-жартылай жаңы, анткени эл аралык тажрыйбанын укуктук анализинин негизинде жергиликтүү бюджеттерди өз алдынчалыгын камсыз кылуу үчүн жергиликтүү бюджеттин кирешелеринде өздүк кирешелериндин конкреттүү тизмегин жана өлчөмүн мыйзам тараптан белгилөө маанилүү экендиги негизделинет.

**10-натыйжа.** Жарым-жартылай жаңы, анткени ушуга чейин башка изилдөөчүлөр тарабынан мыйзам чыгаруунун кемчиликтери таап көрсөтүлгөн, жаңы түзүлгөн ченемдер болсо жүзөгө ашыруу механизмдери жок.

## 6. Тийиштүү актуалдуу көйгөйдү, теоретикалык жана колдонмо маселелерди чечүүгө карата алынган жыйынтыктардын ички бирдиктүүлүгүнүнө жана багытталышынына баа берүүсү

Алынган натыйжалар, жыйынтыктар бири бири менен өз ара байланышта болушуп жана теориялык жоболорго таянып жасалган. Коргоого сунушталып жаткан иш Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара аракеттенүү тармагында алгачкы комплекстүү жана системалуу изилдөөлөрдүн бири.

Диссертацияда бул проблема боюнча бир топ жаңы илимий натыйжалар жана жоболор бар жана аларда ички жыйнактуулук бар, бул болсо автордун юридикалык илимине кошкон жеке салымы болуп эсептелинет. Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара аракеттенүү тармагында болуп жаткан проблемаларды чечүүнүн сунушталып жаткан жаңы ыкмалары жетишерлик аргументтер менен негизделген жана мурда белгилүү чечимдерге салыштырмалуу сын пикир менен баа берилген.

## 7. Алынган жыйынтыктардын тажрыйбалык маанилүүлүгү

Джумалиев Данияр Сардарбековичтин доктордук диссертациясында алынган негизги жоболор жана жыйынтыктар Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиянын окуу процессинде конституциялык укук жана муниципалдык укук сабактары боюнча лекциялардын курстарын окууда киргизилген.

**Джумалиев Данияр Сардарбековичтин доктордук диссертациясынын материалдарынын ишке ашыруусу төмөнкүлөргө мүмкүнчүлүк берди:**

Мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүн жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актылардын бир катарына өзгөрүүлөрдү жана кошумча толуктоолорду киргизүү боюнча эффективдүү сунуштарды иштеп чыгаруу жана негиздөө.

**Диссертациянын материалдары төмөнкү иш кагаздарда, материалдарда жана иштеп чыгарууларда колдонулган:**

- конституциялык укук, муниципалдык укук курсу боюнча окуу материалдарда;
- автордун илимий баяндамаларында жана макаларында;
- жумушчу программаларда жана ОУКта.

**Ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкү оң натыйжа алынды:**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзам чыгарууга өзгөрүүлөрдү жана кошумча толуктоолорду киргизүү боюнча эффективдүү сунуштамалар иштеп чыгарылды жана илимий жактан негизделинди.

## 8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана тыянактарынын басып чыгарылышынын ырастоосу


1. Джумалиев Д.С. Правовые основы организации и деятельности органов местного самоуправления Кыргызской Республики [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Научный журнал "Вестник" Национальной Академии Наук Кыргызской Республики №1, 2013. – С.141-144.
2. Джумалиев Д.С. Представительные органы местного самоуправления как ключевые элементы формирования системы органов местного самоуправления в Кыргызской Республике [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Научный журнал "Вестник" Национальной Академии Наук Кыргызской Республики №1, 2013. – С.144-147.
3. Джумалиев Д.С. Общие теоретические аспекты местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ "Вестник" Кыргызской Государственной Юридической Академии № 1, 2014. – С.48-50.
4. Джумалиев Д.С. Принципы местного самоуправления Кыргызской Республики [Текст] /Д.С. Джумалиев/ "Вестник" Кыргызской Государственной Юридической Академии № 1, 2014. – С.50-53.
5. Джумалиев Д.С. Проблемы систематизации нормативно-правовых актов органов местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ "Вестник" Кыргызской Государственной Юридической Академии № 2, 2014. – С.79-82.
6. Джумалиев Д.С. Система нормативных правовых актов муниципального образования: состояние, проблемы и перспективы развития [Текст] /Д.С. Джумалиев/ "Вестник" Кыргызской Государственной Юридической Академии № 2, 2014. – С.82-84.
7. Джумалиев Д.С. Муниципальная власть [Текст] /Д.С. Джумалиев/ "Вестник" Кыргызской Государственной Юридической Академии № 4, 2015. –С. 21-24.
8. Джумалиев Д.С. Понятие и принципы местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ "Вестник" Кыргызской Государственной Юридической Академии № 2, 2015. – С.22-26.

9. Джумалиев Д.С. Модели взаимоотношений государственной власти и местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ "Вестник" Кыргызской Государственной Юридической Академии № 3, 2016. – С. 47-51.

10. Джумалиев Д.С. Проблемы в построении эффективной модели взаимоотношений государственной власти и местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ "Вестник" Кыргызской Государственной Юридической Академии № 3, 2016. – С. 51-54.

11. Джумалиев Д.С. Проблемы, препятствующие эффективному осуществлению деятельности органов местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ "Вестник" Кыргызской Государственной Юридической Академии № 2, 2017. – С. 63-68.

12. Джумалиев Д.С. Роль международно-правовых актов в становлении института местного самоуправления в Кыргызской Республике [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 8, – 2017. – С. 47-50.

13. Джумалиев Д.С. Пути повышения эффективности взаимодействия государственной власти и местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 8, – 2017. – С. 50-54.

14. Джумалиев Д.С. Государственная власть и местное самоуправление в системе осуществления власти [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 9, – 2017. – С.73-76.

15. Джумалиев Д.С. Проблемы взаимодействие органов государственной власти и органов местного самоуправления [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 9, – 2017. – С. 77-80.

16. Джумалиев Д.С. Основные теории возникновения органов местного самоуправления и государственной власти [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 10, – 2017. – С. 187-190.

17. Джумалиев Д.С. Правовая природа возникновения органов государственной власти и органов местного самоуправления в зарубежных странах [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 10, – 2017. – С.190-193.

18. Джумалиев Д.С. Имплементация норм международного права в формах воздействия государства на местное самоуправление [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 11, – 2017. – С.86-88.

19. Джумалиев Д.С. Проблемы соотношения норм международного права и национального законодательства в процессе взаимодействия самоуправление [Текст] /Д.С. Джумалиев/ Modern Science International scientific journal. – № 11, – 2017. – С.88-90

20. Рысмендеев Б.Дж., Джумалиев Д.С. Правовое регулирование взаимотношений республиканскими и местными бюджетами Кыргызской

Республики [Текст] / Рысмендеев Б.Дж., Д.С. Джумалиев/ ТНУ серия социально-экономических наук №2/8 часть 1 2017. – С. 183-186.

21. Рысмендеев Б.Дж., Джумалиев Д.С. Некоторые вопросы правового регулирования муниципальной собственности Кыргызской Республики [Текст] / Рысмендеев Б.Дж., Д.С. Джумалиев/ ТНУ серия социально-экономических наук №2/8 часть 2 2017. – С. 212-216.

**9. Диссертациянын мазмунуна авторефераттын шайкештиги**

Автореферат диссертациянын мазмуну, анда коюлган изилдөө максаттарына жана маселелерине толугу менен шайкеш келет. Авторефераттын орус жана англис тилдериндеги бирдей маанидеги резюмеси бар.

**10. Негизги уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштар**

Джумалиев Данияр Сардарбековичтин доктордук диссертациясы боюнча изденүүчүнүн диссертацияна объективдүү жана сапаттуу баа алуу үчүн Диссертациялык кеңештин комиссиясы:

12.00.12 – конституциялык укук, муниципалдык укук жана 12.00.10 – эл аралык укук, европа укугу адистиктери боюнча юридикалык илимдеринин докторлору иштеген Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын А.А. Алтымышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлор институтун негизги уюм катары дайындоону;

- биринчи расмий оппонент катары – изилдөө маселесине жакын болгон эмгектери бар, юридикалык илимдеринин доктору, доцент Базарбаев Эрлан Базарбаевичти (автореферат боюнча адистик 12.00.02.);

- экинчи расмий оппонент катары - изилдөө маселесине жакын болгон эмгектери бар, юридикалык илимдеринин доктору, профессор Кулдышева Гулсара Кенжеевнаны (автореферат боюнча адистик 12.00.02.);

- үчүнчү расмий оппонент катары – изилдөө маселесине жакын болгон эмгектери бар, юридикалык илимдеринин доктору, профессор Сабитова Айнур Алимхановнаны (автореферат боюнча адистиги 12.00.10) **сунуштайт**.

Жалпы жонунан, көрсөтүлгөн иш кагаздарды карап чыгып, комиссия юридикалык илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын берүү боюнча Кыргыз Республикасына караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын жана милиция генерал-майору Э.А. Алиев атындагы ИИМ Академиясынын Д.12.16.539 Диссертациялык кеңешине Джумалиев Данияр Сардарбековичтин **12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук;**

**12.00.10 – эл аралык укук, европа укугу адистиктери боюнча юридикалык илимдеринин доктору илимий даражага изденүүгө көрсөтүлгөн «Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара аракеттенүүсү: конституциялык жана эл аралык укуктук аспектер» темадагы диссертациясын коргоого кабыл алынуусун сунуштайт.**

**Комиссиянын мүчөсү:**
**юридикалык илимдеринин доктору,**
**доцент** **Муратбекова С.М.**

Комиссия мүчөсүнүн колун күбөлөндүрөм:

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**ю.и. к., доцент** **Мусабаева Н.А.**

**11.03.20**

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
подпись ______ заверяю
Ф.И.О.
Зав.отделом ОК № ______ "___" ______ 20__ г.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ